Бекитемин: ____________________ Окуу бөлүм башчысы: Нааматова А

Жылы, айы, күнү : 02.05.2019-жыл
Предмети: Адабий окуу 4- классы

**Сабактын темасы: «Байчечекей»**

Негизги компетенттүүлүктөр:

- Маалыматтык
- Социалдык коммуникациялык
- Өз алдынча ишти уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү

Предметтик компетенттүүлүктөр:

1. Тыбыш жана тамга менен иштей алуу компетенттүүлүгү ( К1)
2. Окуй алуу компетенттүүлүгү (К2)
3. Сөз байлыгы менен иштей алуу компетенттүлүлгү ( К3)
4. Сүйлөм, текст менен иштей алуу компетенттүлүгү (К4)
5. Аң сезимдүү окуу, угуу жана адабий түшүнүктөр менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К5)

| Максат | Окуучулар сабактын аягында: |
|---|---|
| **Билим берүүчүлүк** | «Байчечекей» тексттинин мазмуну менен таанышат. |
| **Өнүктүрүүчүлүк** | Текстти берилген тапшырмалар аркылуу ачып бере алышат. Өз оюн далилдүү айтып берүүгө көнүгөт. |
| **Тарбия берүүчүлүк** | Байчечекей гүлүнүн кыска мөөнөттө гана гүлдөй тургандыгын билет.<br>Топто ишти аткарууда бири-бирин сыйлап уга билүүгө калыптанат |

**Сабактын тиби: Жаңы материалды өздөштүрүү**

**Жалпы усулдар: жекече, топто иштөө**
**Колдонулуучу ресурстар: Окуу китеби, сүрөттөр, постер жана окуу куралдары**
**Сабактын жүрүшү:**

| Сабактын этабы | Мугалимдин ишмердиги | Окуучунун ишмердиги | Компет-р | | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | НК | ПК | |
| **Уюштуруу чулук** | **Саламдашуу, катышты көзөмөлдөө**<br><br>**Ар дайым ачык кабагым,<br>Ар дайым даяр сабагым.<br>Саламаттык каалаймын,<br>Саламатсынарбы балдарым?**<br><br>**Азаматсынар балдарым,<br>Бар болгула ар дайым.<br>Эмми мен сабагымды баштайын** | **Саламдашышат** | | | **Эмоц.к** |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Үй тапшырманы текшерүү** | **Жагымдуу маанай түзүү**<br>**«Топ» көнүгүүсүнүн негизинде өтүлгөн теманы бышыктоо** | | | | |
| | **Топторго бөлүү**<br>**Физкультура мугалими кандай демилге көтөрдү?**<br>**Балдар адегенде ага кандай мамиле жасашты?**<br>**Алардын тэмгеги текке кетпептирби?**<br>**Силер да ушундай жакшы иш жасадыңар беле?** | **«Муз аянчасы» тексттинин негизинде алган билимдерин бышыкташат.**<br><br>**Суроолорго так, далилдүү жооп берүү менен сөз байлыктары өсөт .Эске тутуу жөндөмдүүлүктөрү калыптанат.** | Н3 | К2<br>К3 | **Жекече** |
| **Окуучулардын билимин актуалдаштыруу** | **Азыр кайсыл мезгил?**<br>**Жаз мезгилин кандип сүрөттөп берет элеңер?**<br>**Эрте жазда жаратылышта кандай өзгөрүүлөр болот?**<br>**Жаздын келиши менен биринчилерден болуп, баш баккан гүл кайсыл?** | **Өз ойлорун билдиришет. Теманы ачып берүүгө катышышат** | | К1 | **Диагностикалык** |
| | **Топторго бөлүү**<br>• **Байчечекей**<br>• **Фиалка**<br>• **Нарцисс**<br>• **Кызгалдак** | **«Атом жана молекула» ыкмасынын негизинде топторго бөлүнүшөт.** | | К2 | |
| **Жаңы материалды өздөштүрүү** | **Сабактын максатын тааныштыруу** | **Сабактын максаты менен таанышышат жана сабактын аягындагы күтүлүүчү натыйжаны түшүнөт.** | Н1 | | |
| | **Китеп менен иштөө:**<br>**«Байчечекей» тексттинин мазмунун окуучуларга топто окутуу.** | **Тексттин мазмунун окууда түшүнүп окуу жана түшүнгүн айтып берүү көндүмдөрү калыптанат. Шар окууга көнүгөт.** | | К3<br>К4 | **Калыптандыруучу** |
| **Бышыктоо** | **«Байчечекей» тобунун тексттинин мазмунун угуп, талкуу уюштуруу.** | | Н3 | | |
| | **«Божомолдоп» айтуу ыкмасын пайдалануу** | **Талкууга катышышат. Ой жүгүртүүлөрү өсөт.** | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Байчечекей гүлүн ачты. Эми окуя кандайча уланат деген ойдосуңар? | Постердин негизинде окуянын андан ары өнүгүшүн божомолдоо менен өз ойлорун айтып беришет. | | К5 | |
| | «Фиалка» тобунун текстти менен таанышуу. | Кунт коюп угуу менен жаратылыштын кооздугун сүрөттөшөт. Божомолдун дал келүүсүн аныктап, постердин кийинки терезеси ачылат. | | | |
| | «Норцисс» тобу текстти көркөм окуп беришет. | Норцисс гүлүнүн түзүлүшүн жана абдан жыттуу гүл экендигин билишет. | | | |
| | «Кызгалдак» тобу да тексттин мазмунун ачып окуп беришет | Кызыл жибек кийинген кызгалдак гүлүнүн жаздын келиши менен жадырап чыккандыгын баса белгилешет. | | К5 | |
| | Постердин толук бетин окуучулар менен сүрөттөө. | Окуянын сюжетин көрүү менен окуучулардын элестүү көз караш менен эске сактап калуу көндүмдөрү калыптанат. | | | |
| | «Үч мүнөттүк тыным» көнүгүүсүн аткартуу | Бири-бирин уга билүүгө көнүгөт. | | | |
| | Балдар эми силер топтордун аталышындагы гүлдөр тууралуу кандай маалыматтарды билесиңер? | Тапшырманы кунт коюп угат | | | |
| | Топтордун температураларын ченөө | Мугалимдин багытын кабылдашат | | | |
| | Жекече ойлонуу | Окуучулар алгач жекече ойлонушат. | Н3 | | Жекече |
| | Топто талкуулоо | Биргелешип иштөөгө көнүгөт | | К1<br>К3 | Топто |
| | Топтордун оюн угуу | Далилдүү, так жооп берүүгө көнүгүшөт. | | | |
| | «Байчечекей» тексттинин негизинде окуучуларга «Окуянын картасын» түздүртүү<br>Мугалим текстти көркөм окуп берет. | Тексттин мазмунуна ылайык «Окуянын картасын» түзүшөт. Тапкычтыкка жана тыкандыкка көнүгөт. | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Фронталдык сурамжылоо | Байчечекейдин башка гүлдөрдөн өзгөчөлүгү эмнеде?<br>Байчечекейдин биринчилерден болуп соолуп калышына эмнеге башка гүлдөр кайгырышты? | Алган билим - билгичтиктеринин негизинде суроолорго жооп беришет.<br>Сөз байлыктары өсөт. | | | | |
| Үй тапшырма | «Байчечекей»<br>Күн күркүрөйт кайрадан,<br>Көктүн бети бүркөлүп.<br>Балдар үйгө чуркашат,<br>Байчечекей гүл терип.<br><br>Татынакай көгүш гүл,<br>Тамылжытат ажарын.<br>Байчечекей аркылуу,<br>Кучактайсың жаз айын.<br><br>Обос Апер<br>«Байчечекей» ырын жатка, көркөм айтуу | Ырдын тексттин «Жаңырык окуу» ыкмасы менен көркөм окушат.<br><br>Ырдын тексттин кыймыл — аракет менен берүү.<br><br>Тапшырма боюнча түшүнүк алышат. Күндөлүктөрүнө тапшырманы жазат. | | | К1 | Жыйынтык |
| Баалоо | Топтун ишин баалоо<br>Жекече баалоо | Баалоо ишмердүүлүгүнө катышат | | | | |

«Байчечекей»

Күн жылый баштады. Кар тоону карай улам өйдөлөп бара жатты. Мына ушинтип кар астында жаткан Байчечекей баш көтөрдү. Өзүнүн көпкөк көздөрүн ачты.

-Эх, кандай суук!-деди ал бүрүшүп. Назик жалбырактары да калтырай түштү. Жаңы жүргөн жел аны эркелеткендей сылап өттү. Байчечекей ылдый жакка — көк — жашыл тукабадай кулпурган майсаңга көз чаптырды.

Эмне деген кооздук! Дарактар төрсөйүп, бүчүр байлап алыптыр. Мына эми жалбырактарын жазып жиберчүдөй көрүнөт. А тээ тигинде бадал түбүндөгү фиалка гүлү жашырынып калган жылдыздай жылт-жулт этет.

Чөптөр да чыгып калыптыр. Фиалка чымчыктардын тиктегенинен уялгансып башын бир жагына кыйшайтып алыптыр.

-Фиалка! — деп кыйкырды  Байчечекей, - сен уялбай эле кой, сен баарынан сулуусуң. Биз баарыбыз сени жакшы көрөбүз.

Фиалка башын көтөргүсү келди эле, бирок ошол замат кайра түшүрүдү. Анын адаты ушундай.

Арадан бир-эки күн өттү. Байчечекей кубанычтуу кыйкырды:

-Карасаңар, карасаңар, бизге Норцисс келиптир. Ал кандай назик, кандай жыттуу!

Баары Норциссти карап калышты. Чын эле, гүлдөп калыптыр.

Көп узабай бажырайып ак гүлдөрү да пайда болду талаанын көркүн ачып, дал эле чөптөрдүн арасында турган Күндөй жаркырады.

Ушинтип күндөр өтө берди, шалбаада улам жаңы гүлдөр пайда болуп жатты. Мына, кызыл жибек кийинген Кызгалдак гүлүн ачып, алгачкы аптап менен кошо айланага жыпар жытын чачты. Берешен күнгө жүзүн тоскон гүлдөр кубанычка батышты. Алар Байчечекейдин өңү өчүп, соо-луй баштаганын сезбей да калышты. Алар сезишкен учурда кеч болуп калган эле. Байчечекей өзүнүн кыска өмүрүн жашап бүтүп,жерге суна-лып жатып калган.

Нарцисс оор үшкүрдү:

_ Ал биз гүл ачканда кандай кубанды эле! А биз болсок өзүбүз менен убараланып жатып, анын гүлдөп турган учурун көрбөй калыптырбыз. Эми ал биздин жаныбызда жок. Аптап башталып, ал мындан ары жашай албай калбадыбы.

Гүлдөрдүн баары аябай кайгырышты. Алар Байчечекейдин биринчи болуп гүл ачып, жаздын келишин биринчи болуп билдиргенин айтышып гана өздөрүн соороотушту.

Азиза Ахмедова



Нарцисс пияз түптүү көп жылдык чөп.
Анын 30 дай түрү белгилүү.
Өңү ак жана сары түстө болот.
Гүлдесте катары берилет.
Абдан назик гүл.



Фиалка гүлү ар түрдүү өңдө болот.
Анын 7-8 ден ашуун түрү бар. Бөлмө гүлү катары көп өстүрүлөт.
Сууну көп жактыра бербейт.
Жылуулукту жакшы көрөт.
Бийиктиги 8-10 см болот.